Казаалы Абиров атындагы орто мектебинин жалпы ата-энелердин чогулушунун

ПРОТОКОЛУ №

18-сентябрь 2019-жыл

Чогулушка катышкандардын саны – 53

Чогулуштун жетекчилери: Мектеп директору С.Турузбекова

Окуу бөлүмүнүн башчысы С.Осмонов

Уюштуруучу,соцпедагог В.Өмүрова

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. **2018-2019-окуу жылында аткарылган иштер**
2. **2019-2020-окуу жылында аткарыла турган иштер**
3. **Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча иштер жана 3 тараптуу келишим түзүү**

**Чогулуштун жүрүшү:**

Угулду: Окуу бөлүмүнүн башчысы С.Осмонов 2018-2019-окуу жылында убактылуу директордун милдетин аткарды.Бул окуу жылында аткарылган иштер боюнча кеңири маалымат берип,төмөнкүлөрдү билдирди:

Жалпы республикалык тестирлөө боюнча мектепти бүтүргөн 9 окуучу 100 пайыз көрсөткүч берип,7окуучу жогорку окуу жайга тапшырды.Олимпиададан жакшы жыйынтык берди.

Мектептин чарба иштери боюнча алгылыктуу иштер жасалды.Ага мисал катары «МерсиКо» уюму менен окуучуларга ысык тамак берүү үчүн долбоор менен иштеп, алардын талабы боюнча ашкананы капиталдык ремонттон өткөрүп, суу киргизип , мугалимдер жамааты , демөөрчүлөр,айыл тургундары жана айыл өкмөт тарабынан аткарылган иштер белгиленип, акчалай жана кара жумуш түрүндө каржыланды. Ал эми «МерсиКо» уюму ашкананы жаңы каражаттар менен камсыздап, учурда 72 бала ысык тамак ичип жатат. Долбоор 3 жылга ун,өсүмдүк майын,күрүчүн камсыздап берди.3 жыл долбоордун азык-түлүгүн колдонобуз.Ал эми долбоор аяктаган соң , ар бир ата-эне өздөрү камсыздоолору керек болот деди өз сөзүндө.

Ушуга улай эле мектеп директору С.Турузбекова 2019-2020-окуу жылында окуучулар ысык тамак ичип, колдорун жылуу суу менен жууп,жакшы жетишкендик болгонун билдирүү менен катар эле ашкана кызматкерлеринин түйшүгү көбөйгөндүгүн ,эртен менен 8де келип,кечки 5те кетип жаткандарын жана алардын ставкалары ашпозчунуку 0.5 ,ал эми жардамчысыныкы болгону 0.25 эле экенин , тактап айтканда ашпозчу 3000сом, жардамчысы 1500сом маяна аларын билдирди. Бул маселени башка мектептер ата-энелердин демөөрчүлүгү менен чечип, ашканачыларга кошумча маяна төлөп жаткандарын билдирди.

Эсептеп көрүп, ар бир балага айына ата-энелер 50 сомдон төлөп,маселени оңой жагына чечсе болорун билдирип,сунушту барды ката-энелер колдошту.

Угулду: Ата-эне, мектеп жана окуучулар ортосунда 3 тараптуу келишим түзүлүп,түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Ата-энелер келишимде белгиленген пункттар боюнча макулдугун билдирип, кол коюшту.Ага удаа эде мектептеги ата-энелер комитетинин төрайымы катары Н.Сулайманова сунушталып, жалпы колдоп, ата-энелер комитети шайланды.

Кошумча маалымат катары китепканачы Г.Өмүрова 5-6-класстарга 13 предмет боюнча китеп келгендигин жана ага ар бир китеп үчүн 25сомдон акы төлөнөрүн,аны октябрь айынын аягына чейин төлөп бүтүү керек экендигин билдирди.

Жогорудагыларды эске алып ,чогулушта

ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:

1.2018-2019-окуу жылындагы аткарылган иштерди канаттандырарлык деп белгиленсин.

2.Ата-энелер комитети болуп Н.Сулайманова дайындалсын.

3.Ата-энелер мектеп менен тыгыз байланышта болсун.

4.Окуучулардын мектептен кийинки убактагы коопсуздугун көзөмөлдөө ата-энелерине милдеттендирилсин.

5. Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери уюштуруучу,соцпедагог жана класс жетекчилерге милдеттендирилет.

6.Токтомду көзөмөлдөө жагы мектеп директоруна жүктөлөт.

Мектеп директору: С.Турузбекова

Катчы: В.Өмүрова